# Колубузду жууйлу



Автор: Назгүл Маймылова

Сүрөтчү: Сезим Жаныбекова

# Колубузду жууйлу

Автор: Назгүл Маймылова
Сүрөтчү: Сезим Жаныбекова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Колубузду жууйлу" (кыргыз тилинде), автор Назгүл Маймылова, сүрөтчү Сезим Жаныбекова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Колубузду жууйлу,
Таза кылып эрикпей.
Санап жууйбуз ар бирин,
Бештен такыр кемитпей.
Бир, эки, үч, төрт, беш!



Алгач оӊ колубузду,
Анан сол колубузду,
Алакандын ортосун -
Манжаларыӊ топтолсун.
Бир, эки, үч, төрт, беш!

Оң бармакты, сол бармакты,
Колдун сыртын жакшылап
Көбүртөлү, тазарталы
Алаканды самындап.
Бир, эки, үч, төрт, беш!



Микробдорду качырып,
Колубузду жууйлу.
Көзүбүзгө көрүнбөс
Вирусту биз кууйлу.
Бир, эки, үч, төрт, беш!

Таза болсо колубуз,
Бекем болот ден соолук.
Эринчээк болбойлу,
Керек эмес жалкоолук.
Бир, эки, үч, төрт, беш!



Тазалыкты сүйөбүз,
Таза болуп жүрөбүз.
Таза жууп колдорду,
Узак өмүр сүрөбүз.
Бир, эки, үч, төрт, беш!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Назгүл Маймылова

Сүрөтчү: Сезим Жаныбекова



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли